**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИНН: 01704199610123

№ К-211 «5» 05 2021

Сизд.чып. (На) №______ «___» ______ 20__

**Талас облусунун**
**Бакай-Ата районунун**
**Боо-Терек айылынын**
**Д.Жумашев көчөсүнүн**
**№27-үйүнүн тургуну**
**З.А.Кочоралиевге**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары-БШК) Сиздин 2021-жылдын 28-апрелиндеги (кир. № *К-211.*) катыңызды карап чыгып, төмөнкүлөрдү билдирет:

1. Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" (мындан ары-Мыйзам) 23-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык шайлоо алдында үгүт жүргүзүүнүн мөөнөттөрү - *Шайлоо алдында үгүт бардык талапкерлерди, талапкерлердин тизмелерин каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып башталат жана добуш берүү башталганга чейин 24 саат калганда токтотулат деп көрсөтүлгөн. (2021-жылдын 22 мартынан тартып, 10-апрелинин саат 8.00гө чейин жүргүзлгөн).*

2. Жогоруда көрсөтүлгөн Мыйзамдын 41-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык -*Шайлоочулар, талапкерлер, саясий партиялар, коммерциялык эмес уюмдар, алардын өкүлдөрү жана байкоочулар мамлекеттик жана башка органдардын, алардын кызмат адамдарынын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) арыз же даттануу менен кайрыла алат. Арыз, даттануу жүйөлүү болуп жана алар негизденген далилдер менен бирге берилүүгө тийиш.*

3. Ошондой эле, Мыйзамдын 42-беренесинин 8-бөлүгүнө ылайык-*Арыздар (даттануулар) шайлоо процессинин субъектине анын шайлоо укуктары бузулгандыгы, чечимдер кабыл алынгандыгы, аракеттер (аракетсиздиктер) жасалгандыгы жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып токтоосуз, бирок 3 календардык күндөн кечиктирилбестен берилет.*

Ушуга байланыштуу, арызда көрсөтүлгөн Сиздин талаптарыңызды азыркы убакта Мыйзамда белгиленген тартипте канааттандыруу мүмкүн эмес экендигин билдиребиз.

**БШКнын мүчөсү,**
**Шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин арыздарын жана даттануулары карoo боюнча**
**Жумушчу топтун жетекчиси** **А. Асаналиев**

Атк.:Б.Мамбетов, т.660829